**Маданият маалымат спорт ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРИЛИГИ**
**НАСЫР ДАВЛЕСОВ АТЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО КОЛЛЕДЖИ**

# *Портфолио*

# *Фольклор группасы*

# Куратор деген ким?

Уюштуруучу Маалымат берүүчү Ата-эне Көзөмөлдөөчү Жолдош Психотерапевт Куратор - маалымат берүүчү. Окуу жайда болгон жаңылыктарды, буйруктарды, эрежелерди тайпанын студенттерине өз убагында жеткирип туруу. Куратор – уюштуруучу. Окуу жайда уюштурулган иш-чараларга, маданий эс алууларга (театр, кино, кечелер) тайпанын студенттерин уюштуруу. Куратор – психолог. Студенттерге индивидуалдуу мамиле жасап, алардын көйгөйлөрүнө чын жүрөгүнөн ортоктош, жан дүйнөсүнө сырдаш болуп, туура кеңеш берүү. Куратор - ата-эне. Студенттер үй-бүлөсүнөн алыста жүргөндүктөн алардын жүрүмтурумуна байкоо жүргүзүп, көзөмөлдөйт, талап коѐт. Студентке экинчи ата-энесининин милдетин аткарат. Куратор – жолдош. Тайпадагы студенттердин кызыгууларын билип, ар кандай жагдайларда алар менен бирге болуп, тайпанын бир мүчөсү катары кабыл алынуусуна жетишиши керек. Куратор-көзөмөлдөөчү. Студенттердин сабакка келген келбегенин, кандай окуп жаткандыгын көзөмөлдөп, жыйынтык чыгарып туруучу өкүлү - бул куратор. Ошондуктан ал студенттин сабакка катышуусун, жетишүүсүн жана жүрүм турумун дайыма көзөмөлгө алып турат.

1. **Окуу тайпа жетекчисинин (куратордун) милдеттери**.

2. 1. Окуу жайдын тарбия иштери боюнча окуу жылынын комплекстүү иш планына жана ________________________(түзүм) тарбиялык иш-чараларынын планына ылайык: окуу жылына, семестрге, айга, жумага иш план түзүү жана бекиттирүү;

3. 2. Студенттик тайпанын окуудагы жана окуудан сырткаркы ишмердүүлүктөрүнө жыл бою көңүл бөлүү. Жумасына бир жолу кураторлук саат өтүү;

4. 3. Тайпанын активдерин ачык-айкын, шайлоонун негизинде дайындоо;

5. 4. Тайпанын активдери менен тыгыз байланышта болуу жана аларды өз алдынчалыкка үйрөтүү;

6. Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишүүсүн үзгүлтүксүз көзөмөл кылуу;

7. Тайпанын студенттерин окуу планы, колледждин ички тартип эрежелери, экзамен зачетторду тапшыруулардын эрежелери, билимди баалоонун рейтинг системасы менен тааныштыруу;

8. 10. Өлкөдөгү, жана колледждеги маанилүү жаңылыктар, буйруктар, мыйзамдар менен тайпанын студенттерин кабардар кылып туруу;

9. . Студенттерге өзүн-өзү тарбиялоосуна, өзүнүн үстүнөн иштөөсүнө, бош убактысын пайдалуу нерселерге жумшоосуна усулдук жардам көрсөтүү;

10. Шаардын, жана колледждин коомдук, маданий-массалык иш чараларына тайпаны активдүү катыштыруу;

# Окуу тайпасынын жетекчисине коюлуучу кесиптик талаптар.

Окуу жылынын ичинде студенттердин ар кандай көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берүү.

Тайпа ичинде достукту, ынтымакты жаратуу, улуттар арасындагы мамиле маданиятына жетишүү, ар бир студенттин инсандык сапаттарына кызыгуу;

- Студенттердин сабактарга катышуу, жетишүүсүн көзөмөлдөө: аны тайпа журналынан жумасына бир жолу текшерүү жана артта калган студенттер, тиешелүү окутуучулар менен сүйлөшүп туруу;
- Тайпа студенттерин илимий изилдөө иштерине кызыктыруу;
- Ар бир студенттин кандай шартта жашап жаткандыгынан, ден соолугунан кабардар болушу керек; • Студенттер менен жекече иш алып баруу: студенттин терең билим алууга болгон мамилесин байкоо, анын окутуучулар жана тайпалаштары менен кандай мамиледе экендигине көңүл буруу;
- Ата-энеге студенттин сабакка катышуусу, жетишүүсү, анын окуу жайдагы жүрүмтуруму боюнча маалымат жеткирип туруу;
- Тайпанын студенттерине саясий-укуктук, патриоттук-жарандык, адеп-ахлактык, экономикалык, эмгектик, экологиялык, жыныстык жана эстетикалык тарбия берүү. Өзгөчө коомдук жайларда, колледжде студенттин өзүн туура алып жүрүүсү; кийинүү адебине көзөмөл кылуу, кеңеш берүү; ошону менен бирге маданиятка, искусствого болгон кызыгуусун арттыруу;

Куратор өзү каалаган студентке ар түрдүү суроолорду берүү жолу менен ар бири жөнүндө маалыматка ээ боло алат (ушул учурда студенттер жөнүндө толук маалыматты жазып алса болот). Мисалы: Туулуп-өскөн жерин жөнүндө айтып бер? Эмне үчүн ушул адистикти тандадын? Өзүндөгү кайсы сыпатты баалайсың? Биздин окуу жайды тандап келип эмнени сездиң? Ата-энең, ага-туугандарың эмне менен алектенет? Студент болгондон кийин проблемаларын барбы? деген сыяктуу

суроолорду пландаштырса болот. Кечеде музыка угуп, ыр окуп, бий бийлесе, кызыктуу өткоруу.

Куратордук саат. Куратордук саат жумасына бир жолу өтүлөт. Сентябрь айында жумасына бир нече жолу өтүүгө да болот.

Куратордук саатта:

- студенттердин сабактарга катышуусу, жетишүүсү боюнча жумалык жыйынтык чыгаруу;
- студенттер менен жекече сүйлөшүү, окуудагы маселелерин чечүүгө жардам берүү;
- тайпадагы күндөлүк маселелерди, көйгөйлөрдү чечүү;
- Дүйнөдөгү, өлкөдөгү жаңылыктар, өкмөт тарабынан чыгарылган буйруктар, жоболор менен тааныштыруу;
- тарбиялык мааниси бар темалар боюнча талкуу уюштуруу;
- университеттин, колледждин коомдук иш-чараларына тайпанын катышуусу камсыз кылуу жана көзөмөлдөө иштери уюштурулат.

**Окууда жетишпеген балдар менен иштоо**

**Максаты:**

1. Студенттердин билим алуусунун денгээлин көтөрүү;

2. Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;

3. Ата-энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;

4. Студенттердин сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалын өздөштүрө албоосунун жана ордуна калып калуусунун алдын-алуу;

5. Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

# Группадагы Балдарга Мүнөздөмө

2-чи Фольклор тайпасынын студентине

Характеристика.

_Мамбеткасиев Азамат_, жашаган жери

(Ф.А.А.) адресси_Нарын шаары_ көч._Токтогул_ үй

№_100_

сентябрь айынан баштап Республикалык маданият колледжинде окууда.

Окуу процессинде, студент сабактарда дайыма даяр болуп, жооп берип турат. Сабактарды калтырбай, тырышчаак жана окууда маданий иш-чараларда активдүү катышып турат. Курсташтар менен жакшы мамиледе болуп, үлгүлүү студент болуп саналат. Ошондой эле берилген тапшырмаларды аткарып, жоопкерчилииктүү, мугалимдер менен сылык мамиледе болуп өзүн-өзү алып жүрүсү эң жакшы. Теориялык сабактарда дайыма катышып, лекция жазуу менен чектелбестен , изденүү менен кошумча жоопторун класста да айтуу менен айырмаланат. Көптөгөн музыкалык аспаптарга кызыгып, аларды өздөштүрүп көптөгөн ырларды ырдап, абдан таланттуу, чыгармачылыкта өзүнүн оордун таба билип келет. Автордук аткаруусундагы бир нече ырларды жазып, жеке сабактарда практика жүзүндө да окуп берип, жан дүйнөсү чыгармачылыкка бай адам болуп саналат.

Куратор: Мамбетбаева Б.К. /_____________/

(колу)

2-чи Фольклор тайпасынын студентине

Характеристика.

Койчукеев Гиёз, жашаган жери

(Ф.А.А.) адресси Чүй обл, Чүй р-н көч. Муракеев үй

№ 18

Республикалык маданият колледжине чейин 11- классты Бишкек шаарындагы № 59 мектепте окууп, окуу жайга тапшырган. Мүнөзү абдан токтоо, сылык, тартиптүү жана дайыма ар тараптуу болуп келет. Сабактарды окууда дайым аракеттенип, даярданып жооп берет. Маданий иш-чараларда ырдоодон сырткары, аспаптарды да ойноого кызыгат. Ошондой эле чет элдик ырларды, бийлерди бийлейт. Ар кандай конкурстарга катышып, өз өнөрүн көрсөтүп келет жана алдыңкы орундарды багынтып, утуштарга ээ болуп, көпчүлүк сыйлыктардын ээси. Окуу жайда мугалимдер, курсташтар менен жакшы мамиледе болуп, өзүнүн жакшы саппаттарын көрсөттү. Мындан сырткары, студент цирк жаатында, кино, сүрөт тартуу менен да кызыгат.

Куратор: Мамбетбаева Б.К. /__________/

(колу)

# Студенттердин
# Жетишкендиктери

# Грамота

Награждается

студентка РККИ им. Н. Давлетова

Токсонамиева Ирада

за отличную учёбу

Куратор II ф. Мамбетбаева Б.К.

Директор РККИ им. Н. Давлетова Коонтаев Т.Б.

2022 год.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

# II
# ДИПЛОМ

Награждается студент РКК
Шарабиденов Шумкар за занятое
II-место по настольному теннису
среди студентов РКК.

Директор РКК [signature] Джеенбаев. К. А.

рук физвоспит [signature] Орозов К.Ч.

2017 год.


ДИПЛОМ
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ

# ПРОТОКОЛ № 2

## РМКнын 2-фольклор тайпасынын ата-энелердин жыйналыш отурумv.

Токмок шаары.

15-сентябрь

Өткөрүлгөн жер: 308 бөлмөсү.

Катышкандар: **19**

**Күн тартиби:**

1. Ата-энелер менен таанышуу.
2. РМКнын окуу системасы жөнүндө маалымат.
3. Ар кандай маселелер.

**Биринчи суроо боюнча:** 2-фольклор тайпасынын класс жетекчиси Мамбетбаева Б.К. сүйлөдү. Ал өзү жөнүндө айтып берди жана студенттердин ата-энелери менен таанышты. Жыйналышта студенттердин катышуусу, жүрүм-туруму, жетишкендиктери жөнүндөсөз болду. Ата-энелер балдарына кыскача маалымат беришти.Алар балдарын көзөмөлгө алабыз деп сөз беришти.Куратор менен дайыма байланышта болууну, жана өнүгүп-өсүшүнө жардам берүүгө милдет алышты. Баары бир добушта болду.

**Экинчи суроо боюнча:** 2-фольклор тайпасынын куратору Мамбетбаева Бурул Кожоевна РМКнын окуу системасы жөнүндө толук маалымат берди; модуль, экзамен, зачет. Жакшы окугандарга 720 сом стипендия берилет. Ата-энелер окуу боюнча суроолорду берди. Мисалы: "биздин РМКны бүткөндөн кийин кайсы жогорку окуу жайларга тапшырса болот?" ж. б.

**Үчүнчү суроо боюнча:** 2-фольклор тайпасынын куратору Мамбетбаева Бурул Кожоевна тайпанын ичинен шайлады:

**Староста:** Жусупбекова Салтанат
**Сүрөтчү:** Бапышов Шахан
**Казыначы:** Шергазиева Айнура
**Физорг:** Жунусов Талгат

Мамбетбаева бурул Кожоевна студенттердин жаңы окуу жайда көнүп кетүүсүнө жардам керек экендигин белгиледи. Ошондой эле студенттерди РМКнын жашоосунда активдүү катышуусун талап кылды. Ар бир жума сайын тайпа 308 бөлмөнү жыйнап, жана шаардык ишембиликтерге катышуусу абзел.

Мындан сырткары ата-энелер коому шайланды: 1. Орозакунов Жакшылык 2. Абдылдаев Бакыт. Студенттерге иш-чаралар бөлүнүп берилди. 2-фольклор тапасына Студенттер күнү түштү.

**Ата-энелердин жыйналышынын чечими:**

1. Жыйналыштардын мөөнөтү.
2. Ата-энелердин балдарынын окууларына активдүү катышуусу.
3. Куратордун студенттерге жардамы.

Куратор Мамбетбаева Б.К.

**Протокол №1**

Класстык сааттын отуруму 3-сентябрь
Катышкандар: 16
Келбегендер: 3

Күн тартиби

1. Студенттер менен таанышуу.
2. "Маданияттын деңгээлин өнүктүрүү" темасында маектешүү.
3. Ар кандай маселелер.

**1-суроо боюнча:** Тайпанын куратору Мамбетбаева Бурул Кожоевна. Биринчи класстык саата куратор студенттер менен таанышып жана алардан керектүү маалыматтарды алды.

**2-суроо боюнча:** Суроо жооп боюнча маектешүү. "Биздин өлкөбүздөгү маданияттын денгээли кандай?" темасында болду. Өлкөбүз кандай чараларды кылууда? Ушул чөйрө боюнча келечеги барбы? Өлкөбүз маданият үчүн канча каражат бөлүп берүүдө? Биз эмне кылы алабыз?
Башка өлкөлөр менен маданияттын иш алып баруусу өтүп жатабы?.

**Тастыкталды:**

1) Ата-эне жана студенттер менен дайыма байланышта болуу.
2) Келечекте маданияттын өсүп –өнүгүүсүнө баардык күчтөрдү жумшоо.

Куратор Мамбетбаева Б.К.

# ПРОТОКОЛ № 2

## РМКнын 2-фольклор тайпасынын ата-энелердин жыйналыш отурумv.

Токмок шаары.

15-сентябрь

Өткөрүлгөн жер: 308 бөлмөсү.

Катышкандар: **19**

**Күн тартиби:**

1. Ата-энелер менен таанышуу.
2. РМКнын окуу системасы жөнүндө маалымат.
3. Ар кандай маселелер.

**Биринчи суроо боюнча:** 2-фольклор тайпасынын класс жетекчиси Мамбетбаева Б.К. сүйлөдү. Ал өзү жөнүндө айтып берди жана студенттердин ата-энелери менен таанышты. Жыйналышта студенттердин катышуусу, жүрүм-туруму, жетишкендиктери жөнүндөсөз болду. Ата-энелер балдарына кыскача маалымат беришти.Алар балдарын көзөмөлгө алабыз деп сөз беришти.Куратор менен дайыма байланышта болууну, жана өнүгүп-өсүшүнө жардам берүүгө милдет алышты. Баары бир добушта болду.

**Экинчи суроо боюнча:** 2-фольклор тайпасынын куратору Мамбетбаева Бурул Кожоевна РМКнын окуу системасы жөнүндө толук маалымат берди; модуль, экзамен, зачет. Жакшы окугандарга 720 сом стипендия берилет. Ата-энелер окуу боюнча суроолорду берди. Мисалы: “биздин РМКны бүткөндөн кийин кайсы жогорку окуу жайларга тапшырса болот?” ж. б.

**Үчүнчү суроо боюнча:** 2-фольклор тайпасынын куратору Мамбетбаева Бурул Кожоевна тайпанын ичинен шайлады:

**Староста:** Жусупбекова Салтанат
**Сүрөтчү:** Бапышов Шахан
**Казыначы:** Шергазиева Айнура
**Физорг:** Жунусов Талгат

Мамбетбаева бурул Кожоевна студенттердин жаңы окуу жайда көнүп кетүүсүнө жардам керек экендигин белгиледи. Ошондой эле студенттерди РМКнын жашоосунда активдүү катышуусун талап кылды. Ар бир жума сайын тайпа 308 бөлмөнү жыйнап, жана шаардык ишембиликтерге катышуусу абзел.

Мындан сырткары ата-энелер коому шайланды: 1. Орозакунов Жакшылык 2. Абдылдаев Бакыт. Студенттерге иш-чаралар бөлүнүп берилди. 2-фольклор тапасына Студенттер күнү түштү.

**Ата-энелердин жыйналышынын чечими:**

1. Жыйналыштардын мөөнөтү.
2. Ата-энелердин балдарынын окууларына активдүү катышуусу.
3. Куратордун студенттерге жардамы.

Куратор Мамбетбаева Б.К.

**Маданият маалымат спорт ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРИЛИГИ**

**НАСЫР ДАВЛЕСОВ АТЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО КОЛЛЕДЖИ**

# *Сценарий*

## *Тема: «Нооруз майрам ырыс майрам»*

**Маданият маалымат спорт ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРИЛИГИ**
**НАСЫР ДАВЛЕСОВ АТЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО КОЛЛЕДЖИ**

# *Сценарий*

## Тема: *Ааламдын көркү аялзат*